КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

СВЕРДЛОВ РАЙОНУ
№ 94 ЖАЛПЫ ОРТО
БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ

СВЕРДЛОВСКИЙ РАЙОН
СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА № 94

0028738, Кыргыз Республикасы
Бишкек шаары, Дордой т/к.,12 көч., н/ж.
тел. 0312 90-72-57
dordoi94@gmail.com
ИНН: 00909201510175

0028738, Кыргызская Республика
город Бишкек, ж/м Дордой, ул.12, б/н.
тел. 0312 90-72-57
dordoi94@gmail.com
ИНН: 00909201510175

---

№102 «20» 05 2022

**“Жарандык коргонуу” боюнча өткөрүлгөн иш-чаранын отчету**

2022-жылдын 20-майында Бишкек шаарындагы № 94 орто мектебинде “Жарандык коргоо” күнү өткөрүлдү. Мектепте сыртка чыкканга 11 эшик бар. Ар кандай кырсык болуп калса, кайсы класс кайсы эшиктен чыгарылары схема менен көрсөтүлгөн. Өрт чыкканда, жер титирегенде ар кандай кырсык болсо, сыртка кантип чыгуу, өзүн кандай алып жүрүү боюнча класс жетекчилер тарабынан окуучуларга кенен маалымат берилди. “Жарандык коргонуу боюнча” төмөндөгүдөй иш-чаралар аткарылды:

- Биринчи сабактарда баардык класстарда “Жарандык коргонуу” боюнча 1-4 класстарга “Өрт коопсуздугунун алдын алуу”, 5-8-класстарга “Техникалык коопсуздук”, 9-11-класстарга “Жарандык коргонуунун жолдорун үйрөтүү” деген темаларда класстык сааттар өткөрүлдү.
- 3-сабак өтүлүп жаткан учурда эскертүүсүз биринчи жана экинчи сменанын окуучуларына эки кыска жана узакка созулган бир коңгуроо берилип, окуучулардын жана мектеп жамаатынын эшикке толук чыккандыгы текшерилди. Баардык класстар толугу менен 3 мүнөттүн ичинде тизилип турушту.
- Ар бир класс жетекчи АЧД мугалими Самудин уулу Мирланга канча окуучу сабакка келбегендиги жана канча окуучу эшикке чыккандыгы жөнүндө доклад беришти.
- Окуучуларга линейка өткөрүлүп “Өрт өчүрүүчүлөрдүн жаш жардамчылары” менен биргеликте, кырсыктан жабыркаган адамдарга жарандык коргонууда кандай биринчи жардам көрсөтүүлөрүн мисал кылып көрсөтүп беришти.
- 10-класстардын окуучулары менен биргеликте өзгөчө кырдаал боюнча эстафета өткөрүлдү.

Директор Джунушова Ш.Дж